**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 1 токтому**

28-февраль 2025-жыл                                                  Курулуш айылы

**Турак имараттарына жана жайга мүлк салыгын эсептөө ставкасын бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 18-январындагы №3 “Салык Кодекси жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча 2025-жылдын 12-февралындагы №37 “Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамына, Салык кодексинин 379-беренесине ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Ноокен райондук салык башкармалыгынын жетекчисинин маалыматтык каты эске алынсын.

2.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн турак жай имараттары жана жайлары үчүн салыктын ставкасы 10 (он) сом суммада белгиленип бекитилсин.

3.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Финансы,бюджет жана экономика, инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага                                                  М.Ажикулов

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА |
|---|---|

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 2 токтому**

28-февраль 2025-жыл — Курулуш айылы

**Мал-жандыктардын эмдөө акысын бекитип берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев авйыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2.Эргеш Алиев айыл өмөтүнүн аймагында мал-жандыктардын эмдөө акысы төмөндөгүдөй бекитилсин:

- Бир ири мүйүздүү малга -100 (жүз) сом;
- Кой-эчкилерге - 20 (жыйырма) сом;
- Жылкыларга – 100 (жүз) сом;
- Жеке үйгө чакырууларга - 300 (үч жүз) сом;
- Кан алууга – 80 (сексен ) сом;
- Жылкыларга чип басуу 150 (жүз элүү) (89 сом чиптин баасы) сом;
- Кара малга бирка тагуу 100 (жүз) сом (39 сом бирка баасы ичинде).

3.Жогорудагынын негизинде иш алып баруу айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Финансы,бюджет жана экономика, инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — М.Ажикулов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги**
**IV сессиясынын № 3 токтому**

28-февраль 2025-жыл — Курулуш айылы

**«Ноокен-Сакалды» муниципалдык ишканасынын таштанды чыгаруу боюнча тарифин бекитүү**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.«Ноокен-Сакалды» муниципалдык ишканасынын директору М.Назирбаевдин маалыматы эске алынсын.

2.«Ноокен-Сакалды» муниципалдык ишканасынын 24.02.2025-жылдын №1катынын негизинде 2025-жылга карата таштанды чыгаруу боюнча тарифи төмөнкүдөй тартипте бекитилсин:

- жергиликтүү калктын ар бир кожолук башына ай сайын 200 (эки жүз) сом өлчөмүндө;
- айыл өкмөтүнүн аймагындагы социалдык обьектилерине - 1 м куб үчүн 700 (жети жүз) сом өлчөмүндө;
- коммерциялык багыттагы обьектилерине – 1м куб үчүн 800 (сегиз жуз) сом өлчөмүндө.

3.Токтомду аткаруу жана жергиликтүү калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, “Ноокен-Сакалды” муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Назирбаевге милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Финансы,бюджет жана экономика, инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — М.Ажикулов

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА** |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 4 токтому**

28-февраль 2025-жыл Курулуш айылы

**Эргеш Алиев айыл өкмөтүнө караштуу жайыт жерлерине жайыт акысын бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктуна ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Жайыт комитетинин төрагасы К.Казаковдун маалыматы эске алынсын.

2.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнө караштуу жайыттарына жылкы, кара мал, майда жандыктардын жазгы-жайкы жайыттарга айдап чыгаруу убактысы келе жаткандыгына байланыштуу базар баалары күндөн –күнгө өсүп жаткандыгын эске алып, жайыт акысы төмөндөгүдөй бекитилсин:

-Бир баш жылкы үчүн 200 (эки жүз) сом;

-Бир баш ири мүйүздү мал үчүн 100( жүз) сом;

-Бир баш кой үчүн 25 (жыйырма беш) сом өлчөмүндө.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Финансы,бюджет жана экономика, инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага М.Ажикулов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА** |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 5 токтому**

28-февраль 2025-жыл Курулуш айылы

**Швейцария Өкмөтү жана Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык Агенттиги тарабынан каржыланып жаткан айыл аймагында “Жергиликтүү денгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбооруна каралган акча каражаты тууралуу**

Швейцария Өкмөтү каржылаган “Жергиликтүү денгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун алкагында дараметти жогорулатуучу грант катары бериле турган акча каражатын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетке киргизип жана чыгымдоолоруна кошумча 125000(бир жүз жыйырма беш миң) сомду туура пайдалануу максатында Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Швейцария Өкмөтү каржылаган “Жергиликтүү денгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун алкагында дараметти жогорулатуучу грант катары келген 125000(бир жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине кириштелсин.

2.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине киргизилген, дараметти жогорулатуучу грант катары келген 125000(бир жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн дараметин жогорулатууга чыгымдалсын

3.Ноокен райондук финансы башкармалыгынан дараметти жогорулатуучу грант катары келген 125000(бир жүз жыйырма беш миң) сом акча каражатын аппарат бөлүмүнүн атайын эсептик счетуна 2215 беренесине кошумча бекитип берүү суралсын.

4.Каралган акча каражатын өз багытында туура пайдалануу айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Алыкуловго милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Финансы, бюджет жана экономика, инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага М.Ажикулов

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА** |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 6 токтому**

28-февраль 2025-жыл — Курулуш айылы

**Көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, " Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин, КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобонун 10-пунктунун 4-абзацына ыла йык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн Баракелде айылындагы Параканд-1 көчөсүндөгү көчөгө ат коюу боюнча жашоочуларынын протоколу бекитилсин.

2. Баракелде айылындагы Параканда-1 көчөсүндөгү №1,2,3,4,5, 2,6,7,9, 10,11,12, 13,14,15,16,17 номерлери ыйгарылган көчөгө маркум Жээнбеков Маккамбайдын ысымы ыйгарылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго милдеттендирилсин.

Төрага — М.Ажикулов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 7 токтому**

28-февраль 2025-жыл Курулуш айылы

**Турдубаева Бурул жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн Кагазды айылындагы жаран Турдубаева Бурулдун арызы канааттандырылсын.

2.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн Кагазды айылындагы жаран Турдубаева Бурулдун жашап жаткан үйү өрттөнүп кеткендигине байланыштуу материалдык жана моралдык жактан көмөк көсөтүү максатында жергиликтүү бюджетинин эсебинен 15 000 (он беш миң) сом акча каражаты ажыратылсын.

3. Жогорудагы аталган акча каражатын тиешелүү булактардан ажыратып берүү жагы айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Төрага М.Ажикулов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА** |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 8 токтому**

28-февраль 2025-жыл — Курулуш айылы

**“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу тартиби тууралуу жобону бекитүү жөнүндө**

Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобону карап чыгып, таанышып, талкуулап Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобо бекитилсин.

2.Бул токтом каттоого алынып, Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жиберилип, ченемдик укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы Орозбек кызы Акылайга милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун, кызыкчылыгын коргоо жана депутаттык этика боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — М.Ажикулов

**Эргеш Алиев айылдык кенешинин**
**2025-жылдын 28-январындагы**
**I кезектеги сессиясынын**
**№ __ токтомуна тиркеме**

**Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунунтартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## I. Жалпы түшүндүрмө

1.1 Бул, Жобо Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2 “Ардактуу атуул” наамы (жергиликтүү жамааттын) – ЖЖнын эң жогорку сыйлыктарынын бири. Айылдык кеңештин токтому менен бекитилген.

Ушул ЖОБОго ылайык айылдык кенештин төрөгасы же айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан чоң майрамдык иш чараларга карата салтанатуу түрдө коомчулуктун алдында ыйгарылат.

1.3 “Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары–айыл өкмөтү, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.4 “Эргеш Алиев айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамы жергиликтүү жамааттын эң жогорку наамы болуп саналат, ал айыл аймактын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкондугу үчүн Эргеш Алиев айылдык кеңешинин чечими менен берилет. Эргеш Алиев айылдык кеңеш “Эргеш Алиев айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамы бар адамдар үчүн атайын жеңилдиктерди, ошондой эле алар үчүн стипендияларды жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чектеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгилей алат.

1.5 “Эргеш Алиев айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айыл өкмөтү же айылдык кеңеш кабыл алып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгат. Тиешелүү документтерин такталгандан кийин жыйынтыгы протоколдоштурулуп, талапкерлерди өзүнүн сунушу менен айылдык кеңешке жөнөтөт.

1.6 Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамына талапкерлердин документтери айылдык Кеңештин сессиясында депутаттардын кароосуна коюлуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон тургундун талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат;

1.7 Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы бир жылда 2 адамга гана ыйгарылат.

## II. Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:

2.1 Эргеш Алиев айыл аймагына социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, айылдын ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга;

2.2 Эргеш Алиев айыл аймагынын өсүп өнүгүшү үчүн, элдин жашоо шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин депутаттарына;

- СССР дин, Эмгектин, КР нын Баатырларына;
- Улуу Ата-Мекендик согуштун, Афган, Чернобыль, Баткен коогалаңынын катышуучуларына;
- Билим берүү, саламаттыкты сактоодо, маданият, спорт, айыл чарба ж.б. тармактарда жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендерге, КР эмгек сиңирген кызматкер деген наам алгандарга;
- Илимий жогорку даражага ээ болгон атуулдарга;
- Ишкана ачып, элди туруктуу жумуш орду менен камсыз кылган ишкерлерге,
- Инвестициялык долбоорлорду тартып, Эргеш Алиев айыл аймагынын инфруструктурасын жакшыртууга өзгөчө салым кошкон инсандарга
- Ушул аймакта туруктуу 10 жыл жашаган жарандарга жана ж.б берилет.

## III. Аймактын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби

3.1 Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын алган атуулга «Ардактуу атуулу» жазуу лентасы, күбөлүгү жана төш белгиси ыйгарылат.

3.2 Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” төш белгиси жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.3 “Ардактуу атуулу” наамы жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө жылына бир жолу Эргеш Алиев айылдык кеңешинин чечими чыккандан кийин тапшырылат.

3.4 « Эргеш Алиев Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуш өз талапкерлигин өзү көрсөткөн тараптардан түшсө каралбайт.

3.5 ”Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

Эгерде “Ардактуу атуул” наамына талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо:

•Талапкер боюнча ошол көчөдө жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтык протоколу же токтому;

• чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;

• коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кеңири маалыматты камтуу менен;

• паспортунун көчүрмөсү;

•өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;

• мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б).

Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер мекеме, ишканалар тарабынан сунушталган болсо:

• эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколу же токтому;

• өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш;

•"Ардактуу атуул" наамы берилүүчү адамдын айылга, анын эл чарбасына сиңирген эмгектери, алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;

•өздүк баракчасы сүрөтү менен;

• эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

• паспортунун көчүрмөсү;

• соттуулугу жөнүндө тактама

**IV Эргеш Алиев айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын жокко чыгаруу**

4.1 Эргеш Алиев айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы төмөндөгүдөй учурларда айылдык кенештин токтому менен жокко чыгарылат:

- Соттун чечими менен кылмыш жоопкерчилигине тартылганда;
- Тиешелүү документтердин туура эместиги ачыкталганда;
- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыратылганда.

Жобо 4-пункттан турат жана зарыл учурларда Эргеш Алиев айыл аймагынын, кеңештин депутаттарынын сунушу менен өзгөртүү жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

Эргеш Алиев айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы Орозбек кызы Акылай

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын № 9 токтому**

28-февраль 2025-жыл Курулуш айылы

**“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобого ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобого ылыйык айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2. Эргеш Алиев айыл аймагына социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, айылдын ар кандай тармактарында эмгектенген жаран Куланбаев Раимкул Султановичке “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

3.“Ардактуу атуулу” наамын алган атуулга «Ардактуу атуулу» жазуу лентасы, күбөлүгү жана төш белгиси ыйгарылсын.

4. Эргеш Алиев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” төш белгиси жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлсүн.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Төрага М.Ажикулов